Суктанткан далай кыздарды
Сымбаттуу биздин уулубуз
Тарбия алган атадан
Таалимдуу биздин уулубуз

Кайырма:
Сырдашсан сырын сатпаган
Сыр билги биздин уулубуз
Ишинен тапкан сый урмат
Иштерман биздин уулубуз
Сымбаттуу биздин таалимдуу биздин уулубуз

Ар намыс бекем сактаган
Ак пейил биздин уулубуз
Жардамын эч бир албай
Кен пейил биздин уулубуз
Атанын уулу дегизген
Азамат биздин уулубуз
Жактырып сулуу кыз тандап
Жаркырайт биздин уулубуз
Ак пейил биздин кен пейил биздин уулубуз

Колуна конду бир аккуу
Кадырлап озун тандап ал
Тапшырдык кызды колуна
Баркына жетип кармап ал
Татыктуу куйо бала деп
Кайын журт турсун нурданып
Келиним жакшы чыкты деп
Ата энен турсун кубанып
Кайын журт турсун
Ата энен турсун кубанып

Калтырбай бизди уятка
Сыйлашкан жубай болгула
Балалуу болуп кобойуп
Бактылуу було болгула
Алакан жайып аянбай
Балдарга бата берели
Келерки жылы буйурса
Бешик бир тойго келели

Бешик бир тойго
Жээнтек бир тойго келели